## МЕКТЕПТИН МИССИЯСЫ

Биз улуттук маданиятка жана жалпы дүйнөлүк баалуулуктарга таянуу менен заманбап коомдун жаңы лидерлерин тарбиялайбыз.

Окутуунун жана өнүгүүнүн инновациялык стратегияларын колдонуу аркылуу ар бир окуучунун жекече өзгөчөлүгүн, шыгын жана жөндөмүн өнүктүрүүгө шарт түзүп, алардын эркиндигин, жоопкерчилигин жана өз алдынчалыгын колдойбуз.

Биздин мектеп – бул ар бир бала өз мүмкүнчүлүгүн ачып, өзүн таба алган, ийгиликке жетүү жолун аныктап, үзгүлтүксүз өнүгүүгө багыт алган билим берүү чөйрөсү.

## НЕГИЗГИ МАКСАТЫ

Жогорку сапаттагы билимге, бекем социалдык көндүмдөргө жана жогорку адеп-ахлактык баалуулуктарга ээ, сынчыл жана чыгармачыл ой жүгүртө алган, өз алдынча чечим кабыл алган жана өз жашоосу үчүн жоопкерчиликтүү инсанды калыптандыруу.

## НЕГИЗГИ БААЛУУЛУКТАРЫ

- Урматтоо жана толеранттуулук
- Ар бир окуучунун ийгилигине ишенүү
- Ак ниеттүүлүк жана адилеттүүлүк
- Жоопкерчилик
- Патриоттуулук жана маданий мураска сый мамиле
- Өз алдынчалык жана демилгелүүлүк

## НЕГИЗГИ МИЛДЕТТЕРИ

| | **Негизги багыт** | **Мазмуну** |
|---|---|---|
| 1 | Сапаттуу билим берүү | Мамлекеттик стандарттарга ылайык терең жана туруктуу билим берүү, илимдин негиздерин сапаттуу өздөштүрүү; |
| 2 | Инсандык өнүгүү | Окуучунун инсандык, интеллектуалдык, руханий, социалдык жана эмоционалдык өнүгүүсүнө шарт түзүү; |
| 3 | Чыгармачылык жана сынчыл ой жүгүртүү | Оригиналдуу, стандарттан тыш жана сынчыл ой жүгүртүү жөндөмүн калыптандыруу; |
| 4 | Социалдашуу | Коомдо ийгиликтүү жашоого керектүү социалдык көндүмдөрдү өнүктүрүү; |
| 5 | Өз алдынчалык | Максат коюу, чечим кабыл алуу жана өз аракетине жооп берүү көндүмдөрүн калыптандыруу; |
| 6 | Инновациялык окутуу | Заманбап педагогикалык технологияларды жана окутуунун натыйжалуу ыкмаларын колдонуу; |
| 7 | Ден соолук жана коопсуздук | Дене тарбиясын, коопсуз жана жагымдуу билим берүү чөйрөсүн камсыз кылуу: |
| 8 | Өзүн-өзү өнүктүрүү | Окуучунун өзүн таанып-билүүсүнө жана натыйжалуу өзүн-өзү өнүктүрүү долбоорун түзүүсүнө көмөк көрсөтүү; |

## НЕГИЗГИ БАГЫТ

Мектеп окуучуга илимдин негиздерин үйрөтүү менен гана чектелбестен, аны дайыма өзгөрүп турган шарттарда жашоого даярдайт.

Биз окуучуга эң негизги түшүнүктү калыптандырабыз: адам өз жашоосунун жаратуучусу — максатты өзү аныктайт, ага жетүүнүн жолдорун өзү тандайт жана өз ийгилиги үчүн өзү жооп берет.

## КҮТҮЛҮҮЧҮ НАТЫЙЖАЛАР

Мектеп бүтүрүүчүсү:

- Мамлекеттик билим берүү стандарттарына ылайык сапаттуу билимге ээ болот;
- Сынчыл жана чыгармачыл ой жүгүртө алат;
- Коомдо натыйжалуу социалдык байланыш түзө алат;
- Өз максаттарын аныктап, ага жетүү жолдорун пландаштыра алат;
- Өзүнүн жеке өнүгүүсү жана ийгилиги үчүн жоопкерчилик ала алат;
- Улуттук жана жалпы адамзаттык баалуулуктарды сыйлаган жаран болуп калыптанат.